ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№6 ПРОТОКОЛУ**

*4-апрель, 2019-жыл.*

*Төрага:* У.А. Сопуев
*Окумуштуу катчы:* Н.А. Абдирайимова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү – 35 мүчөсүнөн 29 мүчөсү бар. Кворум бар (каттоо барагы тиркелет).

*Күн тартиби:*
1. Факультеттин сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин абалы жана алдыдагы милдеттер (*Баяндамачы: МИТФнин деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуев*);

2. Информатика кафедрасындагы окуу усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүрүшүнүн абалы (*Баяндамачы: комиссиянын төрайымы, жогорку математика кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу доцент Кедейбаева Д.А.*);
3. Ар түрдүү маселелер.

**Угулду**: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды.
Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 7-15 минутага чейин жана 2-маселе боюнча 10-15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе**
**Угулду:**
Факультеттин сырттан (дистанттык) окуу бөлүмүндөгү окуу-усулдук иштердин абалы жана алдыдагы милдеттер боюнча МИТФнин деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент А.Ж. Кудуев билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

**Сөзгө чыкты:**
*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика кафедрасынын доценти):* Отчетто сабакты үзгүлтүккө учураткан окутуучулар боюнча маалыматтар барбы?

*Баяндамачы:* бул маселе тууралуу маалыматтар бар. Билдирүү менен кайрылып жатабыз кафедраларга жана деканаттын журналында маалыматтар катталган.

*Сопуев А. (программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: сырттан окуган студенттер боюнча кураторлордун жумуштары кандай деңгээлде аткарылып жатат?

*Баяндамачы*: Отчетто көрсөтүлгөндөй дистанттык группалардын ар бирине кураторлор дайындалган жана алар тиешелүү студенттер менен иштеп жатышат.

*Сопуев А. (программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: сырттан окуган студенттер AVN информациялык порталы жеткиликтүү болуп жатабы?

*Баяндамачы*: ушул маселе боюнча биз бир нече жумуштарды аткарып жатабыз. Абитуриенттер документтерин тапшырган учурда AVN информациялык порталы маалыматтарды беребиз деп жатабыз.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):*бул дистанттык окуу бөлүмүндө бир канча маселелер бар. Алар боюнча ар бир кафедра иштешибиз керек. Отчетту канаатандыраарлык деп эсептейм.

Биринчи маселе боюнча жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада жана жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т:**

1. Дистанттык технологияларды колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүнө өтүлүүчү дисциплиналардые базасын, окуу-усулдук иштерин, ОМКларын, видео сабактардын AVN МСна жайгашуусу көзөмөлгө алсынсын (деканат,кафедра башчылары);

2. Дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндөгү окууган студенттердин билим сапатын жогорулатуу максатында студенттердин сабактарга катышуусун жана онлайн байланышын күчөтүү зарыл (бүтүрүүчү кафедра башчылары жана кураторлор);

3. Дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндөгү окуган студенттерди ички жана сырткы мобилдүүлүккө тартуу эске алынсын (МИТФнин эл аралык байланыштар боюнча жооптуусу Шамшиева Г.А., кафедра башчылар, кураторлор);

4. AVN маалыматтык порталынын сырткары атайын сырттан окуу бөлүмү үчүн программалык каражаттар менен иш алып баруу, семинар-тренингдерде факультетин профессордук-окутуучуларды катыштырууну уюштуруу күчөтүлсүн (деканат, кафедра башчылары);

5. Дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндөгү окуу жүктөмүн тажрыйбалуу жана жаңы маалыматтык технологиялар менен тынымсыз иштеген компетенттүү окутуучуларга бөлүштүрүү эске алынсын (кафедра башчылары);

6. Дистанттык окутуу технологияларын колдонуу менен сырттан окуу бөлүмүндө окутуунун жаны технологияларын колдонуп, сабактарды (лекция, практика, семинар, лабараториялык жумуштар, өз алдынча иштер) уюштуруу күчөтүлсүн (кафедра башчылары);

7. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө декандын окуу иштери боюнча орун басары, тех.и.к., доцент А.Ж. Кудуевге жүктөлсүн.

**2-маселе:** Информатика кафедрасындагы окуу усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүрүшүнүн абалы

**Угулду:**

Информатика кафедрасындагы окуу усулдук, илимий жана тарбиялык иштердин жүрүшүнүн абалы боюнча жогорку математика кафедрасынын башчысынын милдетин аткаруучу доцент Д.А. Кедейбаеванын билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

**Угулду:**

*Кудуев А.Ж. (деканынын окуу-иштери боюнча орун басары, тех.и.к. доцент)*: информатика кафедрасында практика боюнча канча келишим бар?

*Баяндамачы:* бир канча ишканалар менен келишимдер бар экен, бирок канча ишкана менен түзүлгөнүн так билбейм.

*Сопуев А. (программалоо кафедрасынын башчысы, профессор)*: информатика кафедрасында силлабуста баллдарды бөлүштүрүү кандай каралган?

*Г. Матиева (алгебра жана геометрия кафедрасынын профессору*): квалификациялык иштердин темалары жана алардын актуалдуулугу боюнча маалымат өтө аз берилген отчетто. Аккредитациялык талаптар боюнча мындай жыйынтыкты жазуу канааттандырарлык деңгээлде эмес деп ойлойм.

*Сопуев У.А. (факультеттин деканы, доцент):* мен коммисиянын төрайымына аккредитацияга бир аз багыт берип, текшериңиз деген элем. Негизинен информатика кафедрасы бардык документтериңиздерди тактооңуздар зарыл.

*Ободоева Г.С. (информатика кафедрасынын башчысы, доцент)*: Информатика кафедрасы бакалавр, магистр багыттары боюнча иш алып барып жатабыз. Аккредитациядан өтүүнү 2019-20-жылга пландаштырып жатабыз. Андан сырткары отчет даярдалып жатат. Квалификациялык жумуштардын темаларынын актуалдуулугу каралып, кафедрада талкууланган.

Экинчи маселе боюнча программа жетекчилеринин маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар Кеңеши

**Т О К Т О М К Ы Л А Т**

1. Комиссиянын “Информатика” кафедрасынын окуу-усулдук, илимий-изилдөө жана тарбиялык иштеринин абалы боюнча берген билдирүүсү эске алынсын;
2. Информатика кафедрасынын аккредитацияга даярдык боюнча жүргүзүлүп жаткан иштери андан ары жандандырылсын;
3. Текшерүү убагында комиссия тарабынан берилген кемчилдиктерди жоюу кафедра башчысына жүктөлсүн;
4. Кафедранын сапаттык көрсөткүчүн жогорулатуу иши улантылсын;
5. Чечимдин аткарылышы факультеттин деканынын окуу иштери боюнча орун басары А. Кудуевге жүктөлсүн.

**3. Ар түрдүү маселелер:**

1) 2018-19-окуу жылы үчүн 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» жана 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» бакалавр багыттары боюнча жана дистанттык окуу бөлүмү боюнча мамлекеттик аттестациянын билеттери аккредитациянын жана сапат департаментинин талаптарына ылайык иштеп чыгарылды. Факультеттин окумуштуулар кеңешинен бекитип берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар кеңеши бул чечимди бир добуштан колдошту.

**ЧЕЧИМ:**

2018-19-окуу жылы үчүн 710100 – «Информатика жана эсептөө техникасы» жана 710200 – «Информациялык системалар жана технологиялар» бакалавр багыттары боюнча жана дистанттык окуу бөлүмү боюнча мамлекеттик аттестациянын билеттери бекитилсин.

2) Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын жана ОшМУнун миссясын талкуулоо жана анын негизинде тиешелүү иш-чараларды уюштуруу.

**Угулду:** *У.А. Сопуев (факультеттин деканы, доцент):* ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин чечими менен (2019-жыл, 4-февраль, №4 протокол) «Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын бекитүү» деген №1 маселе боюнча төмөндөгү кабыл алынган чечим бекитилген:

1. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясы" жактырылып бекитилсин;
2. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери өз ишмердүүлүгүндө "Ош мамлекеттик университетинин 2019- 2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын" жетекчиликке алышсын.
3. Университеттин проректорлору, департаменттердин директорлору, факультеттердин декандары, коллеждердин директорлору, структура жетекчилери "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясынын" негизинде өздөрү жетектеген структуралардын өнүгүүсү боюнча перспективдүү иш пландарын түзүп бекитишсин (март, 2019-жыл).
4. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү концепциясын" ишке ашыруу ОшМУнун ректору, профессор К.А. Исаковго жүктөлсүн. 5. "Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын" ишке ашырууну козомолдоо университеттин Окумуштуулар кецешине тапшырылсын.

Бул бекитилген чечимдин негизинде биздин факультет да 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү стратегиялык пландарды даярдап, анын негизинде иш-чараларды уюштурушубуз керек. Андан сырткары ОшМУнун миссиясына өзгөртүү киргилген.

**Университеттин миссиясы:**

- Компетенттүүлүк мамиле менен заманбап билим берүү процессинде сапаттын кепилдигин камсыздоо;
- билим берүүнүн, илимдин жана маданияттын дүйнөлүк мейкиндигине интеграциялануу;
- жаштарда адептик, маданий жана илимий баалуулуктарды, улуттук, руханий маданиятты калыптандыруу;
- Мамлекеттин экономикалык, социалдык, маданий, саясий өнүгүүсүн камсыздоо үчүн өзүнүн интеллектуалдык потенциалын, өндүрүштө жана кесиптик ишмердүүлүктө, илимде жүзөгө ашыра ала турган жогорку профессионалдык кадрларды даярдоо.

**Университеттин келечекке карай максаты**–ОшМУну классикалык университеттен дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформациялоо.

**Стратегиялык максат** – Дүйнөнүн алдынкы ТОП-700 изилдөөчү университеттеринин катарына кирүү. ОшМУну Борбор Азиядагы эң алдынкы 3 университеттердин бирине айландыруу.

Сиздерге белгилүү болгондой ОшМУ классикалык университеттен дүйнөлүк деңгээлдеги изилдөөчү жана инновациялык университетке трансформацияланып жатат. Ал үчүн биз да бир канча жумуштарды аткарышыбыз керек. Ар бир структура жетекчилери иш-чараларды уюштуруп, алардын үстүндө иштөөбүз керек.

Окумуштуулар кеңеши төмөнкүдөй ЧЕЧИМ кабыл алышты:

1. Ош мамлекеттик университетинин 2019-2024-жылга чейинки өнүгүү Концепциясын жана ОшМУнун миссясын жактырылсын;
2. Анын негизинде тиешелүү иш-чараларды уюштурулсун;
3. Иш-чараларды көзөмөлдөө факультеттин деканы У. Сопуевге жүктөлсүн.

Окумуштуулар кеңешинин төрагасы — А.У. Сопуев

Окумуштуу катчы — Н.А. Абдирайимова